**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН**
**АНЫКТАМАСЫ**

Нурбек Аблазович Амдамовдун, Айбек Едмонович Сейтасимовдун, Үмүтбек Ахмадович Мусаевдин, Жолдошбек Азыкбаевич Асанбаевдин кызыкчылыгындагы Орозобек Капарбекович Мадиновдун өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө

2022-жылдын 23-сентябры | Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын төмөнкү курамы Л.П. Жумабаев, К.Дж. Кыдырбаев, Ж.А. Шаршеналиев сот отурумунун катчысы Н.А. Кененсариеванын катышуусу менен Н.А. Амдамовдун, А.Е. Сейтасимовдун, Ү.А. Мусаевдин, Ж.А. Асанбаевдин кызыкчылыгындагы О.К. Мадиновдун өтүнүчүн карап чыгып, төмөнкүлөрдү

**Т А П Т Ы:**

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна 2022-жылдын 18-августунда Н.А. Амдамовдун, А.Е. Сейтасимовдун, Ү.А. Мусаевдин, Ж.А. Асанбаевдин кызыкчылыгындагы О.К. Мадиновдун Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин (мындан ары - КЖК) 58-беренесинин 6-бөлүгүнүн «ушул Кодекстин 331-беренеси менен каралган кылмыш жасалган учурда эскирүү мөөнөтү колдонулбайт» деген сөздөр менен баяндалган бөлүгүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 5-беренесинин 1-бөлүгүнө, 6-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө, 23-беренесинин 3-5-бөлүктөрүнө, 24-беренесинин 1-бөлүгүнүн экинчи абзацына, 56-

беренесинин 2-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таануу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Өтүнүчтөн келип чыккандай, жарандар А.Н. Амдамов, А.Е. Сейтасимов, Ү.А. Мусаев, Ж.А. Асанбев Чүй областынын Сокулук райондук ички иштер бөлүмүнүн тергөө кызматы тарабынан КЖКнын 331-беренесинин 2-бөлүгүндө каралган кылмыштарды жасаган деп айыпталышып, кылмыш иш Чүй областынын Сокулук райондук сотунун кароосуна жөнөтүлгөн.

Аталган иш боюнча Чүй областынын Сокулук райондук сотунун 2022-жылдын 28-июлундагы өкүмдөрү менен А.Н. Амдамов, А.Е. Сейтасимов, Ж.А. Асанбаев КЖКнын 331-беренесинин 5-бөлүгү менен каралган кылмышты жасоого күнөөлүү деп табылышып, ар бири бир жыл алты айдан эркинен ажыратылышып, жазаларын жалпы тартиптеги түзөтүү абактарында өтөөсү белгиленген. Ал эми, Ү.А. Мусаев КЖКнын 331-беренесинин 5-бөлүгү менен каралган кылмышты жасоого күнөөлүү деп табылып, эки жылга эркинен ажыратылып, жазасын катуу тартиптеги түзөтүү абагында өтөөсү белгиленген.

Соттук териштирүү учурунда соттолгондор А.Н. Амдамов, А.Е. Сейтасимов, Ү.А. Мусаев, Ж.А. Асанбаев тарабынан жасалган кылмыштын убактысы, орду, ыкмасы жана башка жагдайлары 2015-2016-жылдарга туура келгендигинен, анча оор эмес кылмыштардын курамына кирээри аныкталган.

Бирок КЖКнын 58-беренесинин 6-бөлүгүнө ылайык, аталган Кодекстин 331-беренесинде каралган кылмыштар жасалган учурларда кылмыш куугунтуктоонун эскирүү мөөнөтү колдонулбагандыктан, сот А.Н. Амдамовго, А.Е. Сейтасимовго, У.А. Мусаевга, Ж.А. Асанбаевга карата айыптоо өкүмүн чыгаруу менен чектелген.

Өз талаптарына жүйө катары арыздануучу Конституциясынын 5-беренесинин 1-бөлүгүнүн, 6-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнүн, 23-беренесинин 3-5-бөлүктөрүнүн, 24-беренесинин 1-бөлүгүнүн экинчи абзацынын, 56-беренесинин 2-бөлүгүнүн ченемдик жоболорун келтирген.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, кайрылуу субъекти талашылып жаткан ченемди конституциялуу эмес деп таанууну суранат.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы кайрылууну жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде тийиштүү текшерүүнү жүргүзгөн судья Л.П. Жумабаевдин маалыматын угуп, төмөнкү тыянакка келди.

Кыргыз Республикасынын Конституциясы ар бир адамга, анын ичинде жеке жана юридикалык жактарга Конституциялык сотко мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын конституциялуулугу тууралуу кайрылууга укук берет. Конституциялык контролдун мындай моделин Конституцияда бекитүү менен, Кыргыз Республикасы адамдын жана жарандын жалпы таанылган укуктары менен эркиндиктерине өзгөчө маани бербестен гана, алардын реалдуулугун камсыз кыла ала турган натыйжалуу механизмдерди да орнотот.

Ошол эле учурда, Баш Мыйзам конституциялык сот адилеттигинин жогорку жеткиликтүүлүгүн камсыз кылып жатып, жеке жана юридикалык жактарда мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын конституциялуулугу жөнүндө суроо-талаптар менен Конституциялык сотко кайрылуу укугу пайда боло турган шарттарды аныктап, анын чектерин бекитет. Бул, жеке адамдар Кыргыз Республикасынын Конституциясынын экинчи бөлүмүндө каралган адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктери бузулган же бузула турган учурда гана Конституциялык сотко кайрылууга укуктуу экенин билдирет.

«Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 27-беренесинин 4-бөлүгүнүн 9-пунктуна ылайык, кайрылууда кайрылуучунун коюлган маселе боюнча позициясы жана анын Конституциянын тиешелүү ченемдерине шилтеме жасалган укуктук негиздемеси көрсөтүлүүгө тийиш. Ошентип, арыз ээси тарабынан

конституциялуулугу талашылып жаткан ченемдин жөнгө салуучу таасири Конституция тарабынан кепилденген адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин кандай жол менен бузуп жатканын түздөн-түз көрсөтүү менен, өзүнүн көз карашын логикалык жактан ырааттуу жана ынанымдуу юридикалык мүнөздөгү аргументтер менен негиздөөгө милдеттүү. Ошону менен бирге, талашылып жаткан ченем менен Конституциянын ченемдеринин ортосунда тутумдук байланыштын сөзсүз болуусу зарыл.

Аталган конституциялык Мыйзамдын 17-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, Конституциялык сот укук маселелерин гана белгилейт жана чечет.

Арыздануучу укуктук мүнөздөгү эмес фактологиялык жүйөлөрдү, тактап айтканда, укук колдонуу тажрыйбасындагы маселелерди баяндаган. Ошону менен О.К. Мадинов өз кайрылуусунда койгон талаптарына укуктук негиздеме катары, талашылып жаткан ченемдин конституциялуулугунда күмөндүүлүктү жаратуучу жана конституциялык укуктардын бузулгандыгын так көрсөткөн укуктук аргументтерди келтирген эмес.

«Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1-пунктуна ылайык, эгерде кайрылуу формасы жана мазмуну боюнча аталган конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайык келбесе, соттук коллегия кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартат.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 2-бөлүгүн, 3-бөлүгүнүн 1-пунктун, 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы

**А Н Ы К Т А Д Ы:**

1. Нурбек Аблазович Амдамовдун, Айбек Едмонович Сейтасимовдун, Үмүтбек Ахмадович Мусаевдин, Жолдошбек Азыкбаевич Асанбаевдин

кызыкчылыгындагы Орозобек Капарбекович Мадиновдун өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылсын.

2. Аныктама кайрылуучу тарап жагынан үч айдын ичинде Конституциялык сотко даттанылышы мүмкүн.

Судьялар коллегиясы: Л.П. Жумабаев

К.Дж. Кыдырбаев

Ж.А. Шаршеналиев

№_______